ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 821.512.154 DOI: 10.35803/1694-5298.2020.3.423-428

**ТУРДУБАЕВА Н. Ш.**
[1]КНУ им. Ж.Баласагына, Бишкек, Кыргызская Республика

**TURDUBAEVA N.SH.**
[1]Balasagyn Kyrgyz National University, Bishkek, Kyrgyz Republic
nazgult.72@mail.ru

# ЖУҢГО КЫРГЫЗДАРЫНЫН «КЫРГЫЗ КАЛЕМГЕРЛЕРИ” АНТОЛОГИЯСЫ ТУУРАЛУУ

# ОБ АНТОЛОГИИ «КЫРГЫЗСКИЕ ПИСАТЕЛИ» СИНЬЦЗЯНСКИХ КЫРГЫЗОВ

# ON THE ANTHOLOGY "KYRGYZ WRITERS" OF THE XINJIANG KYRGYZ

*Жуңго кыргыздарынын “Кыргыз калемгерлери” аттуу антологиясы 1992-жылы жарыяланган. Макалада антологиянын түзүлүш багыты, андагы камтылган акын-жазуучулардын өмүрү жана чыгармачылык жолдору тууралу кеңири тааныштыруу максатында жалпы маалымат берилип, айрым акын-жазуучулардын жазган чыгармаларына кеңири анализ жүргүзүлөт.*
***Өзөк сөздөр:*** *Жуңго кыргыздары, акын-жазуучулар, антология, чыгармалары, анализ, чыгармалары, маалымат.*

*Антология Синьцзянских кыргызов «Кыргызские писатели» издана в 1992 году. В статье представлены общие сведения о структуре антологии, о жизни и творчестве поэтов-писателей, а также анализируется произведения отдельных поэтов и писателей.*
***Ключевые слова:*** *Синьцзянские кыргызы, поэты и писатели, антология, произведения, произведения, информация, анализ.*

*Anthology of Xinjiang Kyrgyz "Kyrgyz Writers" was published in 1992. The article provides general information about the structure of the anthology, about the life and work of poets-writers, and also analyzes the works of individual poets and writers.*
***Key words:*** *Xinjiang Kyrgyz, poets and writers, anthology, works, analysis, information.*

Кытай Эл Республикасында 2000-жылдагы (5 жолку) эл каттоонун статистикалык маалыматтарына караганда Кытайдагы кыргыздардын саны 160 823 жеткен. Алардын 77,4 % СУАРдын Кызылсуу кыргыз автономиялык областында жашайт [1.39-40-б]. Ал эми 2006-жылы «Жаны кылым» гезитинин 3-октябрдагы санына Макелек Өмүрбай «Кытайлык кыргыздар жөнүндө эмнелерди билесиздер?» деген макаласында: «Кытайлык кыргыздар 2005-жылкы маалыматта 171 миңден ашык кыргыздар Кызылсуу автономиялуу областында жашайт», - деп жазса [2.7-б], КЭРСУАР Орто Азия институтунун директорунун орун басары Кайрат Токомбай: «Шинжаң статистика жылнаамасы - 2010» до көрсөтүлгөнүнө караганда 2009-жылы СУАРдагы кыргыздардын саны 189309га жеткен деп жазат [3. 65-73-б]. Ал эми Кытай илимдер академиясынын Улуттук адабият институтунун түндүк элдеринин улуттук адабиятын изилдөө бөлүмүнүн башчысы, филология илимдеринин доктору, докторантуранын жетекчиси Адыл Жуматурду: “Кытайда жашаган кыргыздардын саны 200миңден ашат. Кыргыздар негизинен СУАРдын Акчий, Улуучат, Актоо, Артыш сыяктуу райондор жана шаарларда жайгашкан” [4]. Бул маалыматтарга караганда кытайлык кыргыздардын саны башка коңшулаш мамлекеттерде жашаган кыргыздарга салыштырмалуу караганда саны жагынан азыраак экендиги байкалат. Буга мамлекеттин жүргүзгөн жеке саясий күчтөрү да себеп болгон. Маселен, 1967-1978-жылдар аралыгында Кытайда “маданий төңкөрүш” саясаты он жылдан ашык өкүм сүрүп, көптөгөн изилдөөчүлөр, алардын ичинде

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

кыргыз акын-жазуучулар жараткан чыгармаларын жарыялоого жана таанытууга мүмкүнчүлүктөрү жабылып, айрымдары кол жазма түрүндө басмаканаларда сакталып, айрымдары өрттөлүп жок болгонго чейинки абалга жеткен. Бирок Кытай Эл республикасынын 11-кезектеги партиянын борбордук комитетинин 3-жалпы жыйынынан кийин гана Жуңго кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө жана жанданышына жол ачылды. Мындай мүмкүнчүлүк окумуштуулардын көз жаздымында калган жок.

1992-жылы "Кыргыз калемгерлери" аттуу антологиясы мамлекеттик коомдук илимдер изилдөө тарабынан сунушталган "7-5-жылдык долбоорго" киргизилип, "Жуңго кыргыз адабият тарыхы "аттуу окуу китебинин бир бөлүгү катарында Шинжаң коомдук илимдер академиясындагы улуттар адабиятын изилдөө институнун жооптулугунда жарыяланган. Бул жыйнакты "Кыргыз калемгерлери "аттуу антологияны ал кездеги кенже изилдөөчү Мамбеттурду Мамбетакун басмага дайындаган" [5]. Аталган тажрыйбалык иши үч жылдан кийин 1995-жылы "Жуңго кыргыздарынын адабияты"аттуу окуу китебинин жарыяланышына шарт түздү. Аталган окуу китеби 2015-жылы кайрадан басылып чыкты. Бул эмгек Жуңго кыргыздарынын адабиятынын өнүгүш тарыхын изилдөөдө чоң окуу-методикалык колдонмо болуп берет. Бул тууралу дагы сөз кылабыз. Азыр жогоруда белгилеп өткөн "Кыргыз калемгерлери" аттуу антологиянын мааниси тууралу сөз кылсак. Аталган антологияга 47 акын-жазуучулардын өмүрү, чыгармачылык жолдору жана ар бирөөнүн бирден белгилүү жараткан чыгармалары киргизилген.

**Улуучат ооданына караштуу** Көөнө Улуучат, Жаңы жер, Бостонтерек, Кызылай, Бөрүтокой, Терек, Бозтерек айылдарынан, Чат кыштооснан чыккан акын-жазуучулар: ***Абдыкадыр Токторов (1916), Сайпидин Кылычбек(1940), Момун Турду (1942), Бекен Жумалы (1943), Беки Шаадат (1944), Амантур Абдырасул (1957), Абдырахман Ысмайыл (1957), Момун Абдыкадыр (1958), Муса Ысак (1961), Мамбеттурсун Токтосун (1964), Т.Арманова -Токтокан Орозо(1968), Маметкерим Осмон (1972).***

**Артыш шаарына караштуу** Тегирмети жана Каражүл айылдарынан чыккан акын-жазуучулар: ***Абдырашит Жакып (1926), Сакен Өмүр (1927), Каалык Макеш (1934), Асанбай Матили (1936), Мамет Сабыр (1936), Турсун Мырза (1939), Гүлайим Матили (1942), Абдырасул Алымкан (1945), Мамбеттурду Мамбетакун (1965);*** **Акчий ооданына караштуу** Кулансарык, Акчий, Сомташ, Каражүл, Үч, Карачий айылдарынан чыккан акын-жазуучулар: ***Үсөйүн ажы Асаналы*** *(1916),* ***Жумакун Мамбет****(1927),* ***Өскөн Чубак*** *(1936),* ***Жакыбалы Баялиев*** *(1936),* ***Нурмамбет Сасков*** *(1939),* ***Нурмамбет Сасков*** *(1939),* ***Оргалча Кыдырбай****(1943),* ***Жумакадыр Жакып****(1957),* ***Ысмайыл Маметтокто*** *(1957),* ***Адыл Жуматурду*** *(1963),* ***Жаанбай Асаналы*** *(1964),* ***Турсун Жумалы****(1967).*

**Маңгүрөө ооданына** караштуу Чегирти айылынан чыккан акын-жазуучулар: ***Амантур Байзак(1919), Нурдун Жунус (1950***); **Аксуу жана Текес ооданындарына** карашатуу Атойнок жайлоосу, Көктерек айылдарынан чыккан акын-жазуучулар: ***Турганбай Кылычбек(1940), Ырысбек Абыкан(1942), Токтонияз Абдылда (1947), Ысмайыл Абылкабек(1948),Токтосун Асанбек(1963);*** **Актоо ооданына караштуу айылдарынан** чыккан акын-жазуучулар: ***Ошур Мамбет(1935), Зунунаалы Бектемир(1939), Жеңиш Ыбрай (1956), Садык Даабыт(1962), Зыйавидин Пайаз(1963);*** **Үчтурпан ооданына караштуу Жамансуу айылынан чыккан акын-жазуучулар: *Ыбрай Мамбет(1918), Мамбет Эрги (1939), Нурдун Жунус (1950).***

Жогорудагы аталган акын-жазуучулар Жуңгодогу кыргыздардын **Улуучат, Артыш**, **Акчий**, **Маңгүрөө, Үчтурпан, Аксуу, Текес, Актоо** аттуу оодарында жайгашкан айылдарынын чыгышып, акын жана жазуучу катары тааныткан чыгармалары тууралу сөз кылсак. Баарыдыгын санап берүү макалабыздын көлөмүнө сыйбайт. Ошол максатта айрым акын-жазуучулардын өмүрү жана чыгармалары тууралу ой-пикирибизди айтууга багыт алалы.

47 акын-жазуучулардын ичинен эң эле улуусу, Жуңго кыргыздарынын белгилүү драматургу, Жуңго коомдук илимдер академиясынын адабият изилдөө коомунун, Жуңго түркий тилдер изилдөө коомунун, Шинжаң кыргыз тил, адабият, илимий изилдөө коомунун, Кызылсуу кыргыз автоном областык саясий кеңешчисинин мүчөсү ***Абдыкадыр Токторов***

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

***(1916)*** тууралу айтып өтсөк. Ал 1916-жылы Улуучат ооданына караштуу Көөнөулуучат айылында бул дүйнөгө келген.

1926-1934-жылдары диний мектепте жана жаңыча баштооч мектепте, 1935-1937-жылдары Ташкентте билимин өркүндөтүп, туулган жерин кайтып, 1946-жылдарга чейин Кашкардагы казак-кыргыз уюмунун төрагасы, көп убакыт өтпөй Улуучат ооданынын акиминин орун басары катары алты айдай иштеген учурда, "11 бүтүм" деген саясат бузулуп, 1948-жылга чейин коминдаңдын түрмөсүнө айдалат. Көп өтпөй боштондукка чыгып, Кашкар аймактык өкүмөттүн жана Кызылсуу кыргыз автоном областык өкүмөтүнө баш катчы, агартуу бөлүмүнүн башчысы, борбордук улуттар институтунун окутуучусу болуп иштейт. Жазуучунун алгачкы чыгармасы 1938-жылы "Кыздын тагдыры"аттуу драмасы сахналаштырылып, эл арасында коюлган. Бул драманын жаралышы жана сахнада коюлушу Жуңго кыргыздарынын алгачкы улуттук драматургиясынын башаты аталган драмадан башталарын жана жазылгандыгын аныктайт. Бирок ортодогу "Маданий төңкөрүш" көптөгөн жоготууларга алп келген. Абдыкадыр Токторовдун да бир топ чыгармалары жоголот. Бирок 11-кезектеги партиянын 3-жалпы жыйынынан кийин кайрадан акыйкат орнотулуп, Абдыкадыр Токторов 1983-жылы "Музтоо этегинде" аттуу кино сценарийлерден түзүлгөн жыйнагы жарыяланып, Жуңго кыргыздарынын окурмандарына жарыяланат. Бул тууралу окумуштуу Мамбеттурду Мамбетакун: "Бул улуттук маданиятыбыздын дагы бир чоң тарыхый окуясы болуп калды",-деп жазган"[5.2-б.] Ошону менен катар кыргыз генералы Ысакбек тууралу жазган "Жаркын эле өчпөс тарых"эстемесиндеги мындай бөлүмдөрү: "Адил бий", "Сыйлуу болсоң, ырлуу болосуң", "Кырка тоонун кырааны", "Төрт менен төбөбүз көккө жетпейт", "Маданияттык наадандык", "Эңкейбеген бел болбойт, эгин экпей эл болбойт", "Коркпогула, беттеген багыттан жанбагыла", "Тыянак" сыяктуу аталыштар менен окурмандарына жарыялаган. Ошону менен катар кыргыз маданиятын да көтөрүүгө жана тааанытууга өз салымын кошкон. Буга анын "Кыргыз комузу эл арада"аттуу очеркин жазган. Негизи, Жуңгодогу кыргыздардын табияты мекенчил болушат. 1988-жылы Кызылсуу кыргыз басмасы "Музтоо этегинде"аттуу кино, драма, аңгеме,эстемелер жыйнагын жарыялаган. Бул жазуучу менен тең катары Үсөйүн ажы Асаналы тууралу да айтпай кетүүгө болбойт.

Жуңго кыргыздарынын коомдук ишмери, мамлекеттик саясий кеңештин мүчөсү, мамлекеттик ислам диний коомунун орунбасар башчысы, Шинжаң ислам Шөйуанын орунбасары, Шинжаң кыргыз тили, адабияты, илимий изилдөө коомунун мүчөсү ***Үсөйүн ажы Асаналы 1916-жылы*** Акчий ооданына караштуу Карачий айылында малчынын үй-бүлөсүндө туулган. 1924-1934-жылдары Акчий, Артышта диний мекепте билимин өркүндөтө баштаган. 1935-жылы Аксууда эки жыл билим алуу менен 1945-жылы коминдаң партиясына мүчө, 1962-1963-жылдары Бейжиндеги ислам диний Шөйуанынын изилдөө адабиятына кызыгып, күп нерселерди билип алат. Эң алгач "Ислам дининдеги суфизм"деген сыяктуу макаласын жарыялайт.Ошол арада кыргыз басмалары жолго салынып, изилдөөлөр жүргүзүлө баштаганда бир кыйла жазуучулардын чыгармалары жарыяланаи баштаган. 1989-жылы Кызылсуу кыргыз басмасы "Кыргыз санжырасы"аттуу китебин басмадан чыгарат. Ошондой эле, кыргыз куранын да которууга багыт койгон. Анын "Кыргыз калемгерлери"аттуу жыйнакка "Теңиртоо", "Жеңишке жетип мактанам" аттуу ырларын киргизилген**.**

Акын ***Ыбрай Мамбет(1918-1983)****.* Акын 1918-жылы Үчтурпан ооданына караштуу Жамансуу айылындагы Шаты кыштагында туулган. 14-15-жашынан баштап ыр чыгарып, комузга кошуп ырдап, ырчы катары таанылган. "Мананият көңтөрүшү" кезинде караланып, көп жыл куугунтоо максатында катуу жумушка салынат. 1978-жылы акталып, кайрадан элдин урматына ээ болот. Акындын ырларынан сатиранын куйкумчул элементтери, насаат ырлары көбүрөөк кездешет. Бирок акындын ырларынан жаштык сезимдин, сүйүүнүн күчүндөгү кереметтери да сүрөттөлөт. Акындын 1988-жылы Кызылсуу кыргыз басмасы тарабынан "Ыр булагы"аттуу ырлар жыйнагы жарыяланган.

Акын, коомдук ишмер ***Амантур Байзак (1919-1963).***Жуңго жазуучулар коомунун Шинжаң бөлүмчөсүнүн мүчөсү 1919-жылы Муңгулкүрө ооданына караштуу Чегирти

айылында кедей малчынын үй-бүлөсүндө туулган. 1932-1942-жылдары орто мектепте, 1944-жылы Кулжа шаарында ачылган улуттар гемназиясында окуусун улантып, мектепти аяктайт. 1954-жылы жерлик кызматта иштеп, Кызылсуу кыргыз автоном областын курууга камылга көрүүгө түзүлгөн комитеттин мүдүрүнүн орунбасары, областъ катары курулган күндөн баштап, парткомдун орун басары болгон. Бара-бара Үрүмчүгө жөнөтүлүп, автоном райондук окуу агартуунун байкоочусу, Шинжаң уйгур автоном райондук эл курултай комитетинин мүдүрү, Жуңго коммунисттик партиясынын 8-курултайынын өкүлү катары кызматын аркалаган. Акындын чыгармачылыгы 1952-жылдары башталган. 1952-жылы "Матаң"аттуу ырын жарыялоо менен баштаган. 1964-жылдан тартып "Тарым"журналында "Кужакундун өмүр баяны"деген очерки ж.б. чыгармалары уйгур тилинде жарыяланат. 1981-жылы "Жылкычыга салам" ыры автоном район боюнча аз сандуу улуттардын 30 жылдан бери татыктуу чыгармалары бааланып, 1-даражалуу сыйлыкка ээ болот. 1984-жылы Жуңго кыргыздарынын азыркы заман кыргыз адабияты тарыхында жеке автордук "Өмүр жолу" аттуу жыйнагы автордун алгачкы ырларынан баштап, акыркы ырларына чейин киргизилип жарыяланган. Атлаган жыйнакка "Издеймин"(1958,1965), "Өмүр"(1974), "Эне"(1976), "Чычкандын жолборсту куткарышы"(1982) аттуу сатиралык чыгармалары кирзилген.

Акын ***Абдырашит Жакып 1926-жылы*** Артыш шаарында Тегирмети айылында бул дүйнөгө келген. 1940-жылдары айылдык мектептен билим алган. 1940-1941-жылдары Кашкарда курулган кыргыз уюшмасына Караштуу кыргыз дарыгер мугалимине окуган. Студенттик көндөрүн жөн өткөрбөй, окуудагы көркөм өнөр тобунда комуз баштаган музыка аспаптарын ойноп, драма, айтыштарга катышып, артисттик кызматта иштей баштайт. 1950-жылы Каражүл айылында түзүлгөн оюн-зоок тобун жетектеп, көптөгөн комедия, айтышууларды жазып, эл арасында кеңири таанылa баштайт. Анын максаты сабатсыздыкты жойуга жана элди илим-билимге жетектөөгө багытталган. Бул акын дагы "маданий төңкөрүштүн" запкысын тартып, жараткан чыгармаларын ачык жарыялоого мүмкүнчүлүгү болбойт. Кыргыздын улуттук басма сөзү түзүлгөн убакта гана 1987-жылы "Өмүр сыры"аттуу дастандар жыйнагы "Кызылсуу кыргыз басмасы"тарабынан окурмандарга сунушталган.

Жуңго жазуучулар коомунун Шинжаң бөлүмчөсүнүн, Жуңго аз сандуу улут жазуучулар коомунун мүчөсү, ал кездеги Кызылсуу кыргыз автоном жазуучулар коомунун төрагасынын орун басары катарында кызматын аркалаган жазуучу ***Сакен Өмүр 1927-жылы*** Артыш шаарынын Каражүл айылында туулган. 1937-9147-жылдары башталгыч жана Кашкардагы мектепте окуп, ошол кездеги кыргы уюшмасына иштөө менен чыгармачылык жолун баштайт. Жазуучу мугалим, котормочу, "Кызылсуу гезитинин"редактору, бөлүм башчысы катарында кызматын улантат. 1961-жылы "Өз көзүм менен көргөндө"аттуу чыгармасы менен окурмандар таанышат. Буларды улай "Кайта жашарган киши", "Аскар карыя", "Керме тоо өрөөнүндө", "Көркөм айылым", "Тойдон кийин" сыяктуу 30га жакын аңгеме, очерктерин жарыялайт. "Тойдон кийин", "Номурдун сыры" деген аңгемелери элдин сүймөчүлүгүнө ээ болуп, сыйлыктарга ээ болгон. 1987-жылы Кызылсуу кыргыз басмасы тарабынан "Керметоо өрөөнүндө"аттуу аңгемелер жыйнагы басылып, дагы окурмандар үчүн баалуу жыйнак катары таанылат. Ал "Кайта жашарган киши"аттуу аңгемеси менен кыргыз адабиятынын өкүлү катары таанылат. Жазуучунун эмгеги 60-жылдары Жүсүп Мамайдын вариантындагы "Манас"эпосун жыйноодо, жазууда жана жарыялоого чоң эмгеги сиңирген изилдөөчү катарында да таанылган.

Акын, драматург ***Жумакун Мамбет 1927-жылы*** Акчий ооданын уч айылында бул дүйнөгө келген. 1944-жылы мугалим катарыы кызмат ишин баштаган. 1946-жылы Аксуу аймагында да билим алат. 1948-жылы чыгармачылык өнөрканасынын биринчи кадамдары элге таанылa баштайт. Ошол жылдары "Гүлайим" аттуу драмасы жазылып, мектеп окуучулары тарабынан ойнотулуп чыгат. Ошол алкактын таасиринен улам, 1952-жылдарга чейин Аксуу, Кызылсуу, Акчий көркөм өнөрлөр ийримдеринде иштейт. Акындын 1956-жылы "Кубанам" аттуу ыры казак тилинде жазылып, Шинжаң эл басмасы тарабынан жарыяланган. Ошол арада Жуңго кыргыздарынын туңгуч ырлар жыйнагы болгон "Алгы ырлар"жыйнагына "Айкашка"сыяктуу ырлары жарыяланган. Бул акындын да өмүрү 1968-жылдары жүргүзүлгөн "маданий төңкөрүшкө"кабылган. Ал бир топ узак убакыт колуна

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

калем кармабай, 1979-жылдары гана кайра чыгармачылык өнөрканасын өркүндөтүүдө көптөгөн ырларды, дастандарды жана сахналык чыгармаларды жауу менен жарыялайт. 30дан ашык ырларына обондор жазылып, Шанжаң эл радиодо берилген. 1990-жылы Кызылсуу кыргыз басмасы тарабынан “Тулпар изи”аттуу ырлар, дастандар жыйнагы жана Шинжаң эл басмасы “Кыз бир кырдар эки” деген сахналык чыгармалар жыйнактары окурмандарга сунушталган.

Артыш шаарына караштуу Тегирмети жана Каражүл айылдарынан чыккан Каалык Макеш (1934), Асанбай Матили (1936), Мамет Сабыр (1936), Турсун Мырза (1939) аттуу акын-жазуучулар бир доордун үнүндө бирге өмүр сүргөн жана жан дүйнөсүнүн түпкүрүнөн жаралган чыгармалары тууралу да айтып өтсөк. Маселен, акын, жазуучу ***Каалык Макеш 1934-жылы*** Артыш шаарында Тегирмети айылында бул дүйнөгө келген. Алгачкы билимин жергиликтүү мектептен окуп, окууну аяктагандан кийин Шинжаң Шөйуанын мал-чарбачылык кесиптин ветеренарлык факультетин бүтүп, Үрүмчү жана Кызылсууда түрдүү кызматтарда иштейт. Ал жазуучулук өнөрканасын 1956-жылдары “Кызылсуу гезити” аттуу редакциясында “Октябрым”, “Айсулуу”, “Май айы” сыяктуу ырларын жарыялоо менен баштаган. Эл арасында “Айыл арасында”,“Туруксуз жигит”аттуу аңгеме, комедиялары кызуу окулуп келген. Анын “Кандуу бейит” дастаны жана “Айыл арасында”аңгемеси көркөмдүүлүгү менен психологиялык мүнөздөрдү терең сүрөттөлгөндүгү менен айырмаланган. Бул акын башка акындардай эле, солчулдуктун азабын тарткан. 1979-жылы актaлып, кайра кызматын иштөөгө уруксат алган. 1990-жылы Кызылсуу кыргыз басмасы “Жайлоо көркү”аттуу ырлар жыйнагы жана “Кордуктан кобулуккача” аттуу аңгемеси Шинжаң эл басмасы жагынан мамлекеттин 40 жылдыгына арналган “Той соогасы”аттуу жыйнакка киргизилген. Аталган жазуучунун калемдеши **Асанбай Матили (1936)** Артыш ооданына караштуу Каражүл айылында 1939-жылы бул дүйнөгө келген. 1943-1951-жылдары диний мектепте окуган. 1953-жылдары Каражүл райондук оюн-зоок тобунда иштеген. 1953-1956-жылдары Кашкардагы медицина окуу жайында, 1956-1959-жылдары Шинжаң педагогикалык Шөйуанынын адабият факультетинде окуйт. Ушул окуу жайында окуп жүргөн мезгилде 1957-жылы акындын “Билбеймин”аттуу алгачкы ырын жарыялоо менен окурмандарга тааныла баштайт. Окууну аяктагандан кийин “Кызылсуу гезити” аттуу редакциясында азыраак иштейт. Ошол арада маданий төңкөрүш болуп, бир топ аралыкта оор жумуштарга салат. 1979-жылы акталып, 1981-1982-жылдары борбордук улуттар Шөйуанында адабият мугалими болуп иштейт. 1983-жылы Шинжаң уйгур автоном райондук эл оозеки адабиятын изилдөө коому Асанбай Матилини “Манас” группасына изилдөөчү катары иштөөгө бел байлайт. 1984-жылы манасчы Жүсүп Мамайдын “Манас”эпосунун биринчи, экинчи китептерин жана бөлүмдөрүн басмага даярдайт. Ушул басмалардын басылышын манасчы Жүсүп Мамай баалап, окурмандарына жана “Манас” эпосун сүйүүчүлөргө жарыялоого уруксат берген. Асанбай Матили менен басмага даярдалган “Манас”эпосунун “Жомок башы”, “Кыргыздардын таралышы”, “Алоокенин кыргыздарды чабышы”аттуу эпизоддук окуялардын сүрөттөлүшүндө окурмандардын назарын терс жакка үндөй турган идеологиялык сүрөттөөлөр берилген эмес. Буга 1984-жылы Асанбай Матили тарабынан басмага даярдалган жана жарыяланган китептерде турат. Ал эми кийинки басылмалар 2004, 2012, 2014-жылдары жарыялаган көлөмдүү жана оор китептерде манасчынын идеологиясын башка нукка бура турган сүрөттөлөрдү, саптарды киргизип, улуттук карама-каршылыктарга алып келе турган идеологиялык саптар кимдер тарабынан киргизилгендиги белгисиз. Мындай чаташуунун түйүнүн Жуңгодогу кыргыздардын “Манас” эпосун изилдөөчүлөр гана чечип бермек. Бирок Кытайдагы бүгүнкү саясий кырдаал, Жгодогу кыргыздар менен байланышууга жол бербей жатат. Байланышкан күндө дагы Жуңгодогу кыргыздар азыркы Кытайдын саясатынан чыгып, ачык айтып беришпейт. Бул тууралу өзүнчө сөз. Бирок Асанбай Матилинин Жуңголук кыргыздар үчүн жасаган эмгеги “Манас” эпосун Жүсүп Мамайдын вариантында мазмунун бузбай, ар кандай саясий сөздөрдү колдоно койбой, манасчынын айтып бергениндей басмага даярдап бергени. Бул жагынан мактоого татыктуу. Бул иштерман жазуучунун кадамын улаган ***Мамет Сабыр (1936)*** акын тууралу сөз кылалы. Акын, драматург Мамет Сабыр 1936-жылы Артыш шаарынын Каражүл

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

айылында төрөлгөн. 1951-жылы Кашкарда ачылган “Санайсы невис”(өз кезинде көркөм өнөр тобу) эки жыл үйрөнүп, 1953-жылы Улуучат оодандык көркөм өнөр ийриминде иштейт. 1956-жылы Кызылсуу кыргыз автоном областык көркөм өнөр ийриминин мүчөсү катары ишин улантат. Жазуучу чыгармачылык өнөрканасын сахнадан баштаган. “Кызыл атчандар”, “Жеңиш менен келебиз”, “Ашык-машык тең ашык” аттуу ырларды 60-жылдары жазган. “Бейжиндеги салам”, “Сайра комузум” сыяктуу ырларды комуздун коштоосу менен күүсүн кошо чыгарып, угармандарына тартуулаган. Анын “Чек ара кызы”, “Күңөтай менен Козубай”аттуу чыгармалары сахнага коюлган. Ошондой эле, “Кайтарып койду мен келсем”, “Кандайча”, “Бүбүшүм” аттуу ырларын 1989-жылдары жазылган.

Жуңго жазуучулар коому Шинжаң бөлүмчөсүнүн, Кызылсуу областтык жазуучулар коомунун мүчөсү, жазуучу **Турсун Мырза 1939-жылы** Артыш шаарында Каражүл айылында бул дүйнөгө келген. 1953-жылдан 1956-жылга чейин Кашкарда окууну аяктап, мугалимдик кесибинде иштейт. 1957-1981-жылга чейин “Кызылсуу гезити”редакциясында кабарчы, редактор болуп иштейт. Ал “Кызылсуу гезити” редакциясында иштеп жүрүп, 1957- жылы ыр жазуу менен жазуучулук өнөрканысынын түзүлүшүнө кадам шилтейт. Бирок 1960- жылы кыргыз тилинде жазуу токтойт. Көпчүлүк акын-жазуучулар уйгур тилдеринде жазууга багыт алышат. Турсун Мырза дагы уйгур тилинде бир топ чыгармаларын жазып, “Тарым”журналы, “Шинжаң гезити”сыяктуу гезиттерде ырларын жарыялайт. 1963-жылы автоном райондук адабият- көркөм өнөрчүлөр коому ачкан Шинжаңдагы жаш жазуучулардын курсуна жалгыз катышып, ханзу, уйгур, казак жазуучулары мененбайланыш күтөт. 1975-жылдан баштап, проза жанрына өтүшүнө белгилүү жазуучу Ваң Миңдин “Бир улут адабиятынын өнүгүшү проза менен өлчөнөт”деген сөзү менен таасир берет. Ошондон кийин, “Жаркыган жайлоо”, “Батпас күн”, “Базмырт түркүк”, “Шумкар” сыяктуу эргиме, аңгемелери “Тарым”журналында, кыргызча, казакча, уйгурча, ханзуча жарыяланат. “Базмырт түркүк” аңгемеси, “Ата журтум”аттуу ырлары район боюнча өткөрүлгөн конкурстарда бааланып, сыйлыктарга ээ болгон. Кызылсуу кыргыз басмасы калемгердин “Булак”аттуу ырлар жыйнагы жана “Бүркүт”аттуу аңгемелер жыйнагы 1988- жылы жарыялаган.

“Кыргыз калемгерлери” аттуу антологиясы XX кылымдын башында төрөлгөн акын- жазуучулардын өмүр жолу тууралу маалымат берүү менен 50-60-жылдар аралыгында Жуңго кыргыз адабиятынын өнүккөн тарыхын анализдөөгө жана 60-жылдардын аягындагы маданият төңкөрүшүнүн оор мезгили тескери таасир бергени тууралу маалыматтарды алууга түзүлгөнүн байкадык.Ошондой эле, Кыргызстандагы изилдөөчүлөргө Жуңгодогу кыргыз адабиятынын өнүгүш тарыхын ырааттуу билүүгө, 50-60-70-жылдар аралыгында Жуңгодогу кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө сереп салууга жана анализдөөгө кошумча окуу курал болуп берет. Атүгүл, кээ бир чыгармалары менен таанышууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Мындай антологиянын негизги методикалык багыты да ушуга негизделген.

**Адабияттар тизмеси**

1. Абдалиева Г.К. Кытайлык кыргыздардын маданияты [Текст] / Г.К.Абдалиева. - Бишкек: 2003. - 39-40-беттер.
2. М. Өмүрбай,. Кытайлык кыргыздар жөнүндө эмнелерди билесиздер? [Текст] / М.Өмүрбай // Жаны кылым. - 2006. - №69 (136). - 3-октябрь. - 7-бет.
3. К. Токомбай. Кытай кыргыздарынын бүгүнкү коомдук экономикалык жана социалдык абалы. [Текст] / К.Токомбай // КРУИАНын академиясынын

тарых жана маданий мурас институту. Кыргызстан тарыхынын маселелери. - 2011. - №3, (23). – 65-73-беттер.

4. А. Жуматурду. Кыргыз-кытай достугунун тамыры терең, өзөгү бекем [Текст] / А.Жуматурду // Кыргыз туусу. - 18.10.19.

5. Кыргыз калемгерлери (Азыркы заман бөлүгү) [Текст] / Басмага дайындаган М. Мамбетакун. - Үрүмчү: Шинжаң эл басмаканасы, 1992. - 379 бет.